**ЧЫГЫШ ТААНУУНУН МАСЕЛЕЛЕРИ**

ВОПРОСЫ ВОСТОКОВЕДЕНИЯ

ISSUES OF ORIENTAL STUDIES

**e-ISSN: 1694-8653**
№1/2026, 231-236

**УДК:**
**DOI:** 10.52754/16948653_2026_1_22

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЖҮРГҮЗҮЛГӨН ЖЕР-СУУ РЕФОРМАСЫНЫН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

## ИТОГИ ЗЕМЕЛЬНО-ВОДНОЙ РЕФОРМЫ В КЫРГЫЗСТАНЕ

## RESULTS LAND AND WATER REFORM IN KYRGYZSTAN

**Дуйшонбаева А.Б.**
*Дуйшонбаева А.Б.*
*Duishonbaeva A.B.*

**т.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети**
*к.и.н., доцент, Ошский государственный университет*
*Associate Professor, Osh State University*

---

**Бакыев Ө.**
*Бакыев Ө.*
*Bakyev O.*

**магистрант, Ош мамлекеттик университети**
*магистрант, Ошский государственный университет*
*Masters Student, Osh State University*

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЖҮРГҮЗҮЛГӨН ЖЕР-СУУ РЕФОРМАСЫНЫН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

**Аннотация**

Макалада Кыргызстандын түндүк, түштүк областарында эки этап менен жүргүзүлгөн жер-суу реформасынын натыйжаларына анализ берилет. Реформанын максаты, милдеттери, совет бийлигинин алгачкы жылдарындагы кабыл алынган «Жер жөнүндөгү» декреттин жоболорун турмушка ашыруу болгондугу белгиленет. Реформанын жыйынтыгында жерди иштетүү боюнча алгачкы коллективтүү чарбалардын формалары түзүлүп, алар коллективтештирүү проецессин баштоого чоң салым кошкондугу белгиленет.

***Ачкыч сөздөр:*** жер-суу, реформа, жер үлүшү, орто, кедей дыйкандар, отурукташтуу, конфискациялоо, сугат жерлер, кайракы жерлер

## *ИТОГИ ЗЕМЕЛЬНО-ВОДНОЙ РЕФОРМЫ В КЫРГЫЗСТАНЕ*

**Аннотация**

В статье анализируются итоги земельно-водной реформы северного и южного Кыргызстана, проводившейся в двух этапах. Отмечается, что целью и задачей реформы было осуществление положений декрета «О Земле» принятой в годы советской власти. В результате реформы были созданы различные формы объединений, которые играли положительную роль в процессе коллективизации.

***Ключевые слова:*** Земельно-водная, реформа, земельный участок, средняк, бедняцкие крестьяне, оседания, конфискация, полевые земли, не полевые земли

## *RESULTS LAND AND WATER REFORM IN KYRGYZSTAN*

**Abstract**

The article analyzes the results of the two-stage land and water reform northern and southern regions of Kyrgyzstan. It is noted that the purpose and the objectives of the reform were to implement the provisions of the Decree «On Land» adopted in the early years of Soviet power. The number of wealthy farmers decreased by 3 times, whereas, the number of middle class farmers increased by 4 times. As a result of the reform, the first forms of collective farms were created, which significantly contributed to the beginning of the process of collectivization

***Keywords:*** land and water, reform, land share, medium, poor farmers, settlement, confiscation, irrigated land, fallow land

**Киришүү**

Агрардык реформалардын алгачкылары бул 1921-1922 жана 1927-1928-жж. аралыгында жүргүзүлгөн жер-суу реформасы болуп саналат. Реформанын негизги максаты колониалдык доордон бери сакталып келе жаткан калк арасындагы жерге болгон тенсиздикти жоюу, бай-манаптардын, орус кулактарынын колундагы ашыкча жер үлүштөрүн, айыл-чарба шаймандарын конфискациялоо, жер менчигин жоюу болгон.

Негизги бөлүк. 1920-ж. 17-ноябрда болуп өткөн Түркстан АССР Кенешинин IX съездинде аймактагы агрардык маселе каралып «О землепользовании и землеустройстве в Туркестанской республике РСФСР» жана «О землеустройстве кочевников, переселенческих поселков и казачьих станиц» (Дыйканова, 2005, 91-б.) – аттуу токтом кабыл алынган. Ага жараша республикадагы бардык жер жана суулар ким колдонгонуна карбастан, мамлекеттин менчиги деп жарыяланган. Жерсууну сатуу же сатып алуу, күрөөгө коюу, ижарага берүүгө тыюу салынган. Жерлер биринчи кезекте чайрикер, мардикерлерге кийинки кезекте жерсиз жана жери аз дыйкандарга, андан кийин артел, коммуналарга бөлүү каралган. Аталган токтомду ишке ашыруу максатында саясий-экономикалык кырдаалга жараша реформа эки этап менен жүргүзүлгөн: 1921-1922-жж. түндүктө, 1927-1928-ж. түштүктө. 1921-1922-жж. Кыргызстандын түндүк райондорунда башталган реформа бир катар өзгөрүүлөрдү жарата баштаган. Пишпек уездинде болсо, реформанын жүрүшүнүн натыйжасында 16 кыштак, 13 хутор, 195 айыл улутташтырылган. Ал жерлер Кытайдан келген 1965 кыргыз качкын кедейлерге бөлүнүп берилген. Мындан сырткары орус кулактарынан алынган 46 уй, 290 топоз, 116 кой, 1260 соко ж.б. айыл шаймандары берилген (Батманова,1954, 33-б.).

1922-жылга карата Пишпек жана Пржевальск уездинде 11 коммуна, 33 кооперативдик жер иштетүү шериктештиги (анын ичинен 5 кыргыз), 10 совхоз уюшулган (Шерстобитов, 1964, 27-б.). Пржевальск уездинде орус кулактарына айдоо жердин 80% таандык болсо, реформадан кийин 1924-жылы ал көрсөткүч 34,4% түзуп калган. Ал эми 1916жылы Пишпек уездинин калкынын 40% орустардын калкынын колунда айдоо жеринин 57% таандык болсо, 1926-жылга карата бул көрсөткүч 41,8% азайган (5, 27-б.).

Реформанын натыйжасында Пишпек, Пржевальск жана Нарын уездериндеги айдоо жерлеринин аянты 1922жылга карата 134376 теше жерден 141287 тешеге чейин кеңейген. 1923-ж. айдоо аянты 178727 тешеге жетип, бул 1920-ж. салыштырганда 33% көп болгон. Ошол эле учурда дыйканчылык кылуу учун эмгек шаймандары гана эмес, урук-урөндөр да жетишкен эмес, бай-манаптардын карашылыгы да күчөп турган. Маселен, Пишпек уездинде план боюнча 175 миң теше аянтка эгин себүү пландаштырылган болсо, болгону 177 миң теше аянтка гана айдалган. Ага карабастан түндүк Кыргызстан боюнча 1921-жылы жазгы эгин себүү 100% аткарылган. Айдоо жерлери 1920жылга салыштырганда 64% көбөйгөн. 1921-ж. Кыргыздардын айдоо жерлерге карата болгон үлүшү 50% түзгөн (6, 120-б.). Отурукташкан калктын улуту боюнча өзбек, украин, орус жана аз санда кыргыздар болгон. Көчмөн калк жалан гана кыргыздардан турган (8). Жер кыргыздарга адаттын, ал эми өзбектерде шариаттын негизинде бөлүнгөн эле. Жер сатып алгандардын көбү бардар соодагер болгондуктан, алар ар кайсы жерден үлүш сатып алышкан. Мындан улам бир эле адамдын ар кайсы райондордо бир нече жер үлүшү болгон.

Реформага эки област боюнча 3344 чарба тартылып ал 6% түзгөн. Ал эми улуту боюнча алганда жер фондуна катышкан чарбалардан кыргыздардан 2561, өзбектерден 1213, уйгур-

кашкар 47, жана башка улуттардан 123 г. жер алынган. Реформанын натыйжасында орус кулактарынын, бай-манаптардын 494 чарбасы жоюлган, соодагерлердин 3663 чарбасы кыскарган. Ошентип жер фондуна 49718 гектар жер, 1755 баш туяктуу мал жана 1867 айылчарба шаймандары улутташтырылган. Тартып алынган 16578га жер үлүшү жерсиз жана жери аз дыйкандарга бөлүнүп берилген. Кедейлерге берилген жерлердин жалпы өлчөмү 37282 гектары сугат жана 5803 гектары кайрак жерди түзгөн. жерсиз жана жери аз дыйкандардын 80% жер менен камсыз болгон. Реформага чейин 16827 чарбанын 10327 гектар сугат жери жана 3869 гектар кайрак жерге ээ болушуп, орточо бир чарбага 0,5 гектар сугат жана 0,2 гектар кайрак жер туура келген. Реформадан кийин алар жер фондунан 37415 гектар сугат жерге жана 12233 гектар кайрак жерге ээ болушкан. Жалпы жолунан аларда 47743 гектар сугат, 16093 гектар кайрак жер болгон. Реформадан кийин орточо бир чарбага 2,8 гектар сугат, 1 гектарга жакын кайрак туура келген. Ошентип ар бир чарбанын сугат жана кайрак жерлерди пайдалануусу 5 эссеге өскөн. Ал эми жалпы жерди пайдаланууда сугат жери 4,6, кайрак жери 4 эсеге көбөйгөн (Шерстобитов, 1964, 32-б.).

Реформанын жүрүшүндө саясий жетишкендиктер менен катар экономикалык ийгиликтер да камсыз болгон. Биринчиден, мында совет бийлигинин Жер жөнүндөгү декретинин принциптери жүзөгө ашырылган. Экинчиден, дыйкандарга жер берүү алардын коллективдүү чарбаларга биригишин тездеткен. Үчүнчүдөн, реформа жер маселесин кандайдыр бир деңгээлде чечип, жерди негизги өндүргүч күч катары дыйкандар менен бириктирген. Натыйжада, айыл чарбасынын өндүргүч күчтөрүнүн өнүгүшү үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлгөн.

Реформа социалисттик мүнөздө болуп, дыйкандарды жерди жеке пайдалануудан коллективдүү пайдаланууга өтүү максатын көздөгөн. Совет өкмөтүнүн чечими менен ар бир дыйкан жерди жекече же биргелешип иштетүүнүн формаларын тандап алууга, жалданма жумушчу күчүн пайдаланууга укуктуу болгон. Отурукташууга өткөн дыйкандарга он жылдык мөөнөт менен айыл чарба шаймандары, унаа, үрөн бөлүштүрүлүп, мындан тышкары үй, короо-жай курулушу үчүн материалдар бекер берилген. Отурукташкан дыйкандар мамлекеттик жана жергиликтүү салыктардан беш жылга бошотулган. Аларга агротехникалык жана башка жардам көрсөтүүлөр каралган.

1927-1928-жылдары жүргүзүлгөн реформанын жүрүшүндө жер фондусу 46 миң га сугат жана 2,3 млн. га кайрак жерди түзгөн. 18,6 миң дыйкан жерге жайгаштырылган. Бардык чайрикерлер, кедей дыйкандардын 75% жер, айыл чарба шаймандарын алышкан, аларга салык боюнча жеңилдиктер берилген.

Айыл-кыштактын калкын негизинен орто дыйкандар түзүп калган. Реформанын натыйжасында көчмөндөр отурукташууга өтө баштаган 1921-1922-жылы реформанын жыйынтыгында 200 миң гектардан ашык жер жер фондуна алынган. 16827 чарба жерге орноштурулуп 37415 гектар сугат жана 12233 гектар кайрак жер алышкан. Айыл чарбасы материалдык-техникалык жактан арт калгандыгына карабастан 1928-жылы Кыргызстанда 105 трактор, 14952 трактордук мала, 1847 эгин жыйноочу машина, 769 эгин тазалоочу ж.б. иштеп турган. Албетте жогорудагы корсоткуч айыл чарбасы эмгек шаймандары менен толук камсыздалбагандын түшүндүрөт.

Түштүк Кыргызстанда реформа саясий ошол эле учурда социалдык-экономикалык өзгөрүүлөргө алып келген. Реформадан кийин дыйкандар коллективдик чарбага өтө баштаган.

1927-28-жылдары 65 колхоз уюштурулган. Совет бийлигинин бай-манаптарды тап катары жоюу саясатынын натыйжасында 1929-жылы Кыргызстандын аймагынан 44 бай-манап өлкөдөн чыгарылган. Алардын мал-мүлкү конфискацияланып, дыйкандарга таратылып берилген. Бирок реформанын жүрүшүндө одоно катачылыктар да кетирилген. Реформа шашылыш жүргүзүлгөндүктөн, жердин эсеби толук такталган эмес. Мындан тышкары, жерсиз, жери аз дыйкандардын эсеби да такталбаган. Өз алдынча түзүлгөн орус кыштактары толугу менен жоюлуп, алардын ордуна кыргыз айылдары жайгаштырылган учурлар көп болгон. Бул учурда айрым дыйкандардын кызыкчылыктары эске алынган эмес. Бир катар орто чарбалар бай жана кулак чарбасы катары жоюлууга дуушар болгон. Ошондуктан реформага каршы, кулактар айылдардын бай элитасы менен биригишкен. Натыйжада кулактар жаңы келгендер менен жергиликтүү калктын ортосунда саясий тирешүүлөр пайда болгон. Орус дыйкандары мүлкүн, эмгек шаймандарын жана малдарын сатып Батыш Россияга кете баштаган. Бул жагдай аймактын экономикасына терс таасирин тийгизип, айыл чарбасын калыбына келүү процессин бузган (Дыйканова, 2005, 98-б.). Орус дыйкандарынан тартып алынган жерлер жери жок дыйкандарга берилет деп айтылганы менен ал жерлер кохоздорго ыйгарылган. Ошону менен катар жерди иштетүүдө социалдык топтор арасында маңыздуу өзгөрүүлөр болгон. Ми-салы реформага чейин Ош областында бай-манаптардын колунда жердин 30% болсо, реформадан кийин алардын колунда 9% калган. Колунда бар чарбалардын саны 3 эсеге азайып, орто катмардагы дый-кандардын саны 4 эсеге өскөн. 1921-жылдын аягында Пишпек уездинде 1,5 миң 1923-жылы 16 миң тургун отурукташкан жашоого өткөн.

Ошондой эле реформанын ишке ашыш,ы менен дыйкан массасынын класстык аң-сезими жогорулаган. Аны айылдык кеңештерге шайлоонун жыйынтыктарынан байкоого болот. Жергиликтүү кеңешке дыйкандар шайлоого катыша башташкан. Эгер 1925ж. кеңешке шайлоого 43,93% адам катышса, 19281929-жылдары шайлоочунун саны 82% жеткен. Кеңештердеги депутаттардын катарын жумушчулар жана дыйкандар толуктаган. 1925-жылы айылдык кеңешке 6236 адам шайлаган. Анын ичинде аялдар-521, жумушчу-батрактар-746, дыйкандар-5042 болгон. Ошентип кеңештерге шайланган депуттардын абсолюттук көпчүлүгүн дыйкандар түзө баштаган.

Жыйынтык. Совет бийлигинин алгачкы жылдарындагы эки этап менен жүргүзүлгөн жер-суу реформасы коомдо социалистик менчикти орнотуу менен орус кулактарынын, бай-манаптардын жер үлүштөрү улутташтырылып, сууду пайдалануу маселеси чечилип айыл чарбасы алгачкы өзгөрүүлөргө дуушар боло баштаган. Реформанын натыйжасында жерди иштетүүнүн ар кандай формалары жаралып, коллективтештирүүнү жүргүзүүгө толук шарт түзгөн. Ошол эле учурда реформа көчмөн жана жарым көчмөн кыргыз чарбаларын отурукташуу процессине өтүүсүн тездеткен негизги факторлордун бири болгон.

**Адабияттар:**

1. Дыйканова Ш.А. 1917-24-жж. Түркстандагы агрардык саясат (Фергана өрөөнүнүн материалдарынын негизинде). Дисс.т.и. кан. - Ош, 2005.
2. Алпацкий П.К. К истории оседания кочевых и полукочевых хозяйств Киргизии. - Ф., 1959.
3. Батманова Н.И. Создание предпосылок социалистического переустройства сельского хозяйства в Киргизии. - Ф.,1954.
4. Шерстобитов В.П. Новая экономическая политика в Киргизии (1921-1925). - Ф., 1964.